

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК КАДР КЫЗМАТЫ

*Муниципалдык кызмат*
*бөлүмү– 2020*

# Конкурстун түрлөрү

- Ички конкурс (ички жана Улуттук резерв)

- Ачык конкурс



## 27-пункт

**Конкурстун этаптары**

- **Талапкерлердин документтерин бош кызмат орунуна коюлган квалификациялык талаптарга ылайык келүүсүн кароо**

- **Талапкерлерди МКК Тестирлөө борборунда жана аймактык бөлүмчөлөрүндө тестирлөө**

- **Аңгемелешүү**


**Ачык конкурс өткөрүүдө ички жана Улуттук кадрлар резервинде турган адамдар конкурстан жалпы негизде өтүшөт.**

# Компьютердик тестирлөө боюнча жаңы ченемдер

**38-пункт**


Компьютердик тестирлөө үч этапта өткөрүлөт:

1. Жалпы мыйзамдарды билүү
2. Предметтик мыйзамдарды билүү
3. Талапкердин кесиптик жактан маанилүү жеке сапаттарын аныктоо (логикалык тест)




## 39-пункт


- Тестирлөөнүн жалпы мыйзамдарды билүү этабында 30 суроого жооп берүү менен 50 пайыздан кем эмес балл алган талапкерлерге предметтик тестирлөөгө катышууга уруксат берилет
- Предметтик тестирлөөдө 30 суроого жооп берүү менен 50 пайыздан кем эмес балл алган талапкерлерге кесиптик жактан маанилүү жеке сапаттарын аныктоо үчүн логикалык тестирлөөгө катышууга уруксат берилет.
- Ички жана Улуттук кадрлар резервинде турган адамдар предметтик мыйзамдарды гана билүүсү боюнча жөнөкөйлөтүлгөн компьютердик тестирлөөдөн өтүшөт



## 41-пункт

- Компьютердик тестирлөөнүн бардык этаптары боюнча натыйжаларын кошуу жолу менен аныкталуучу эң жогорку балл алган бир талапкер аңгемелешүү этабына киргизилет
- Талапкерлер бирдей сандагы баллды алып калган учурда, компьютердик тестирлөөнүн бардык этаптарынын жыйынтыгы боюнча эң жогорку балл алган талапкер аныкталганга чейин алардын арасында предметтик мыйзамдарды билүүгө кайрадан тестирлөө өткөрүлөт






# $41^{1}$-пункт төмөнкүдөй толукталды:

- Ички жана Улуттук кадрлар резервинде турган адамдардын арасында конкурс өткөрүүдө предметтик тестирлөөдө эң жогорку балл алган бир талапкер аңгемелешүүгө киргизилет
- Талапкерлер бирдей сандагы баллды алып калган учурда, предметтик тестирлөө боюнча эң жогорку балл алган талапкер аныкталганга чейин алардын арасында предметтик тест кайрадан өткөрүлөт



## 45-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалды :

Аңгемелешүүнүн жүрүшүндө талапкердин келечектеги кызматы тууралуу түшүнүктөрү, күткөн максаттары, ой-пикирин ачык баяндоо жөндөмү аныкталат.



**49-пункт төмөнкүдөй редакцияда берилди:**

- Конкурстук комиссия аңгемелешүүгө катышууга уруксат алган талапкерди бош кызмат ордуна дайындоого сунуштоо жөнүндө чечимди кабыл алат же анын талапкерлигин четке кагат.
- Комиссиянын ар бир мүчөсү аңгемелешүүгө катышууга уруксат алган талапкерди сунуштоого "макул" же "каршы" деген добушун гана бере алат.
- Конкурстук комиссия аңгемелешүүгө катышууга уруксат алган талапкерди сунуш кылбоо жөнүндө чечим кабыл алса, анда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын жетекчиси кайрадан конкурс өткөрүү чечимин кабыл алат (эгерде конкурс ички кадрлар резервинде жана Улуттук кадрлар резервинде турган адамдардын арасында өткөрүлсө, анда ачык конкурс өткөрүлөт. Ал эми ачык конкурс өткөрүлгөн болсо, анда кайрадан конкурс ички кадрлар резервинде жана Улуттук кадрлар резервинде турган адамдардын арасында өткөрүлөт).

# 60-пункт

Компьютердик тестирлөөдөн өтүүдө жыйынтыгы боюнча баллдын жалпы санынын 70 пайызынан кем эмес балл алган талапкерлер конкурстук комиссия тарабынан жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын ички резервине киргизүүгө сунушталат.

70%



# Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын 2019-жыл үчүн муниципалдык кызматкерлердин ишмердүүлүгүн баалоонун жыйынтыктары жөнүндө



| № | Облусу | Реестрге ылайык муниципалдык кызматкерлердин категориялары | Үлгүлүү | Эң жакшы | Жакшы | Канааттандырарлык | Канааттандырарлык эмес |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 7 | Чүй облусу | Жогорку кызмат В-А, В-Б | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 |
| | | Башкы кызмат Г-А, Г-Б | 0 | 56 | 60 | 0 | 0 |
| | | Улуу кызмат С-А, С-Б | 22 | 141 | 208 | 6 | 1 |
| | | Кичи кызмат М-А, М-Б | 25 | 174 | 424 | 47 | 0 |
| | | Всего | 47 | 371 | 692 | 53 | 1 |

# Чүй облусунун ЖӨБО 2019-жылдын жыйынтыгы боюнча муниципалдык кызматчыларынын ишин баалоо анализи

